С,о. Токтогул Сатылганов,
Аткаруучу: Кенже Кубатова

**“Алымкан”**

Атка салган дилдейсиң,
Ачылган кызыл гүлдөйсүң,
Бир күнү оору, бир күн соо
Алымкан, азабың тартсам билбейсиң.

Бетегелүү майданым,
Пейли жакшы байдарым!
Көлөкөлүү майданым,
Көөнү жакшы байдарым!

Букардин тоосу бурулуш,
Бурулуп учат улуу куш.
Бурулуп мага келе кет,
Алымкан, муңдуга салбай кыйын иш!..

Кашкардын тоосу кайрылыш,
Кайрылып учат улуу куш.
Кайрылып мага келе кет,
Алымкан, карыпка салбай кыйын иш!..

Саркештеп тиккен жоолугуң,
Сар санаа кылат жоругуң,
Көккештеп тиккен жоолугуң,
Көп санаа кылат жоругуң.

Токтогул черткен «Жаш кыял»
Тыңдасаң боло, Алымкан.
Ак шайы жоолук колго алып
Булгасаң боло, Алымкан.
Аз күнчөлүк өмүрдө
Жыргасаң боло, Алымкан!..